**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧУЙ ОБЛУСУ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**МАНАС**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**МАНАССКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

I чакырылыштын 5-(кезексиз) сессия

# ТОКТОМ №38

**23.05.2025- ж.** **Манас айылы**

**«Манас айыл аймагынын калкы үчүн сууну керектөө (ичүүчү суу) ченемдерин бекитүү жөнүндө »**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын укук бузуу кодексинин 119-беренесинин негизинде, ичүүчү сууну керектөөнү эсепке алууну системалаштыруу максатында, “Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3 жана 5 -беренелерине, Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин жана Манас айылдык Кенешинин 2025-жылдын 23-майындагы №5 протоколунун негизинде

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Манас айыл аймагында ичүүчу суу системасына кошулган турак үйлөрдөгү суу керектөө (ичүүчү суу) ченемдери төмөндөгүдөй бекитилсин.

- Күндүзгү убакта ичүүчү суу менен короо жайларды сугарууга тыюу салынсын.

-Түнкү убакта саат 12:00 дон таңкы 5:00го чейин сугарууга уруксаат берилсин.

2. Төмөндөгү бекитилген ченемдерди аткарбаган жарандарга 1000 ( миң ) сом өлчөмүндөгү айып пул салынсын.

3. Токтомду расмий булактарга жарыялоо, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Манас айылдык кеңешинин жоопту катчысы Ч.Бердикуловага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө МП “Таза айыл үчүн” ишканасынын башчысы Ж.Сатековго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Р.Момунова**